DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Эркинбеков К.Э.*

# КЫРГЫЗ ЭТНИКАЛЫК САЯСАТЫНЫН ОБЪЕКТИВДҮҮ НЕГИЗДЕРИ

*Эркинбеков К.Э.*

# ОБЪЕКТИВНЫЕ ОСНОВЫ КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНИЧЕСКОЙ ПОЛИТИКИ

*K. Erkinbekov*

# OBJECTIVE FOUNDATIONS OF THE KYRGYZ ETHNIC POLICY

*УДК: 342.67*

*Автордун аталган илимий макаласында кыргыз этникалык саясатынын объективдүү негиздери каралат, андан тышкары анда айтылгандай, Кыргызстандын тарыхындагы орчундуу мезгил болуп, биздин пикирибизде, XVIII-XX кылымдар эсептелет. Анткени ушул доордо кыргыздардын саясий багытынын интенсивдүү өзгөрүүсү башталып, алардын дипломатиялык ишмердүүлүгү сырткы коркунучтардын күчөшүнө байланыштуу дароо өсөт. Ошол учурда ич ара ыйкы-тыйкы болгон жана күчтүү, агрессивдүү мамлекеттер менен курчалган урууларга бөлүнүп кеткен кыргыз этносу кимге жана кандай шарттарда кошулабыз, кимдин бийлигине баш ийебиз деген оор тандоого дуушар болушкан. Албетте, бул учурдун өзгөчөлүгү ал мезгилдеги геосаясий мамилелер эмес, кыргыздар бытырандылыкка учурап өздөрүн сактап калууда «азыраак кыйынчылык» тартуунун жолдорун издегенимде. Аталган мезгилде кыргыздар отурукташкан жерлер үч ири мамлекеттин реалдуу кызыкчылыгын туудурган, алар Кокон хандыгы, Цин жана Россия империялары, андан сырткары белгилүү бир бөлүгүнө Түндүк казак жүздөрү, Афганистан, Турция да көз артып турган.*

***Негизги сөздөр:*** *этнос, этникалык саясат, товар, фактор, географиялык чөйрө, мамлекет, көчмөндөр, тарыхый фактылар, процесс, держава.*

*В авторской научной статье рассматриваются объективные основы кыргызской этнополитики, и, как отмечается в ней, значимым периодом в истории Кыргызстана, на наш взгляд, является XVIII-XX вв., потому что в эту эпоху политическая ориентация кыргызов стала интенсивно меняться, а их дипломатическая активность сразу возросла в связи с усилением внешних угроз. В то время кыргызскому этносу, который был разделен на племена в окружении сильных и агрессивных государств, предстояло сделать непростой выбор: к кому присоединиться и на каких условиях, чьей власти они подчинятся. Конечно, особенностью этого времени являются не тогдашние геополитические отношения, а то, что кыргызы были разделены и искали пути, чтобы им было «менее трудно» спастись. В то время земли, заселенные кыргызами, представляли реальный интерес для трех крупных государств, Коконского ханства, Цинской и Российской империй, а определенная ее часть была также желанной для северных казахов, Афганистана и Турции.*

***Ключевые слова:*** *этнос, этническая политика, товар, фактор, географическая среда, государство, кочевники, исторические факты, процесс, держава.*

*In the author's scientific article, the objective foundations of Kyrgyz ethnopolitics are considered, and, as noted in it, the significant period in the history of Kyrgyzstan, in our opinion, is the XVIII-XX centuries. Because in this era, the political orientation of the Kyrgyz began to change intensively, and their diplomatic activity immediately increased due to the strengthening of external threats. At that time, the Kyrgyz ethnic group, which was divided into tribes and surrounded by strong and aggressive states, had to make a difficult choice: whom to join and under what conditions, whose authority they would obey. Of course, the peculiarity of this time is not the geopolitical relations of that time, but the fact that the Kyrgyz were separated and were looking for a way so that it was "less difficult" for them to escape. At that time, the lands inhabited by the Kyrgyz represented a real interest for three large states, the Kokon Khanate, the Qing and Russian Empires, and a certain part of it was also desired by the Northern Kazakhs, Afghanistan and Turkey.*

***Key words:*** *ethnos, ethnic policy, product, factor, geographic environment, state, nomads, historical facts, process, power.*

Борбордук Азиянын белгилүү бир бөлүгүн басып алуу менен түрктөр Кытайдын Жер ортолук деңизи менен соода иштери жүргүзүлгөн Улуу жибек жолунун негизги бутактарын көзөмөлдөп башташкан. Негизги товар болуп жибек эсептелип, соода эл аралык мүнөзгө ээ болгон, андан кийин сода жолдору стратегиялык мааниге ээ болгон дагы, ага көзөмөл жүргүзүү ири кирешелерди алып келген [1, 134-б.].

Өз убагында Л.Н. Гумилев көрсөткөндөй «бүткүл азиялык талааны камтыган жеке державанын пайда болушу Кытайдын, Византиянын жана Ирандын дипломатиясы үчүн ири маанидеги фактор болуп калды» [2, 35-б.].

Бирок VI кылымдын аягында ички жана сырткы саясий кырдаалдардын таасирлери астында абал чукулунан өзгөргөн, акыр аягында борбордук-азиялык аймактагы күчтөрдүн түп-тамырынан бери өзгөрүүсүнө алып келди.

Биз, албетте кыргыз тарыхы менен Түрк каганатынын ортосунда окшоштук белгини койбойбуз. Бирок, бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын аймагы анын бир бөлүгү жана Түрк каганаты көчмөндөр тарабынан түзүлгөн деген кырдаалдын өзү бизди алардын тарыхын кылдаттык менен карап чыгууга түрткү берүүдө. Зарыл түрдө объективдүү мүнөзгө ээ болгон универсалдуу саясий мыйзамдар жана принциптер каралат, адам жарытылышынын туруктуулугуна таянып бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн мүнөзүн өзгөрткөн жок. Андан сырткары тарыхый шарттарга карабастан өткөн бир жарым миң жылдыкта көптөгөн конкреттүү географиялык кырдаалдар жана учурлар маңыздуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон жок. Алар менен бирге албетте, аталган географиялык чөлкөмгө ээ болгон кээ бир геосаясий факторлор жана өзгөчүлүктөр да өзгөрүүгө дуушар болгон жок.

Андан кийинки көрсөтүлгөн убакыт аралыгындагы Кыргызстандын тарыхындагы орчундуу мезгил

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



болуп, биздин пикирибизде, XVIII-XX кылымдар эсептелет. Анткени ушул доордо кыргыздардын саясий багытынын интенсивдүү өзгөрүүсү башталып, алардын дипломатиялык ишмердүүлүгү сырткы коркунучтардын күчөшүнө байланыштуу дароо өсөт. Ошол учурда ич ара ыйкы-тыйкы болгон жана күчтүү, агрессивдүү мамлекеттер менен курчалган урууларга бөлүнүп кеткен кыргыз этносу кимге жана кандай шарттарда кошулабыз, кимдин бийлигине баш ийебиз деген оор тандоого дуушар болушкан. Албетте, бул учурдун өзгөчөлүгү ал мезгилдеги геосаясий мамилелер эмес, кыргыздар бытырандылыкка учурап өздөрүн сактап калууда «азыраак кыйынчылык» тартуунун жолдорун издегенимде.

Аталган мезгилде кыргыздар отурукташкан жерлер үч ири мамлекеттин реалдуу кызыкчылыгын туудурган, алар Кокон хандыгы, Цин жана Россия империялары, андан сырткары белгилүүбир бөлүгүнө Түндүк казак жүздөрү, Афганистан, Турция да көз артып турган.

Батыш Сибирдин генерал-губернатору Г.Х. Гасфорд өзүнүн Санкт-Петербурга берген рапортторунун биринде көрсөткөндөй: «Үч аралаш державанын бурчундагы жапайы таш ордо үчүн эң ыңгайлуу абал, ал ээлеген бекем жаратылыш аймагы, алардын күчтүү аскердик руху кыргыз уруулары үчүн ордонун ээлиги, аталган үч держава үчүн тең маанилүү предмет болуп эсептелет» [3]. Бул үч падышалык катары губернатор Россияны, Коконду жана Кытайды эсептеген. Аталган аймактын бардык стратегиялык баалуулугун, кеңири жер тилкелерин көзөмөлдөө менен анын өзгөчө ыңгайлуу абалын түшүнүүнүн негизинде падышалык өкмөттүн көңүлүн Кыргызстан ээлеп турган аймактын маанилүүлүгүнө бурууга аракет жасаган.

Россиянын Чыгыш саясаты XVIII кылымдын экинчи жарымында жана XIX кылымдын башталышында казак талааларын, ошондой эле Кыргызстанды Борбордук Азия жана ага катарлаш мамлекеттер, ал тургай Индияга чейинки кирүүчү жолдогу «ачкыч жана дарбаза» деп эсептеген Петр Iнин азиялык демилгесин активдүү уланткан.

Өзүнүн курамына ири аймактарды киргизип алуу менен Россия империясы ички чектерин кеңейтип, аларда аскер болуктөрүн орнотуу менен өлкөнүн ичиндеги саясий коопсуздугун бекемдешкен. Натыйжада жеке стратегиялык коопсуздугун камсыз кылууга ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Андан сырткары, жаңы аймактарда өздөрүнүн эрежелерин, аскердик жана саясий бийлигин орнотуу менен, борбордук-азиялык чөлкөмгө башкы геосаясий атаандаштардын, тагыраак айтканда Кытайдын, Англиянын, Ирандын, Түркиянын жана Афганистандын кирүүсүнө активдүү тоскоолдуктарды жаратып Россия мамлекетинин жалпы стратегиялык коопсуздугун күчөткөн.

Кыргызстанды россиялык кызыкчылыктар чөйрөсүнө тартуу кыргыз этносунун тарыхында XIX кылымдын башталышынан азыркы күнгө чейин чечүүчү ролду ойнойт.

XVIII кылымдын ортосу - XIX кылымдын 70-жылдары кыргыз элинин тарыхындагы эң маанилүү мезгил болуп эсептелет, ошол учурда өз мамлекеттүүлүгү жок туруп Борбордук Азиянын коомдук-саясий аренасында өз алдынча күч жана саясий, дипломатиялык мамилелердин активдүү катышуучусу катары өзүн көрсөтө алган. Тарыхый фактылар тастыктап тургандай, өзүнүн көз карандысыздыгын, жанын коргоп калуу менен кыргыздар бат-баттан убактылуу союздаштар менен макулдашууларга кирип, активдүү түрдө чыр-чатактарга кийлигишип турушкан. Кыргыздардын XVIII кылымдын ортосундагы сырткы саясий аскердик жана дипломатиялык байланыштары эл аралык мамилелердин өнүгүүсү үчүн эң маанилүү фактор болуп эсептелген жана көз карандысыз жолду издөөгө багытталган.

Көрсөтүлгөн мезгилде кыргыздардын көпчүлүгү, алардын аймактары сыяктуу эле Кокон хандыгын курамына киришкен (Россия империясынын курамына киргенге чейин).

Хандыктагы административдик системаны ошол кездеги орус чыгыш таанучу В.В. Вельяминов-Зернов төмөндөгүдөй мүнөздөйт: «Кокондогу башкаруу системасы абдан тантыраактык. Хан эң жогорку даражадагы адам, бирок ал өзү сейрек буйрук берет. Анда бир нече жакындарынан эле эмес, бүтүндөй бир уруудан, уруктан же бөлүмдөн турган партия сыяктуу топ куралып, өздөрүнчө мамлекетке кызмат көрсөтүүгө аракет кылышат же болбосо кандайдыр-бир шартта таасир берүүгө жана күчкө ээ болот» [4, 107-б.]. «Партиялардын тирандыгы, -дейт ал андан ары, - анын мүчөлөрү бири-бири менен чатакташып кетип, бирөөсү жеңишке жетмейинче улана берет. Бийлик көбүнчө коркунучтуу тартипсиздик жана кан төгүү менен алмашат» [4, 113-б.].

«Администрациялаштыруунун жат системасы» менен катар абал курч өзгөрүп, Фергана өрөөнүнүн көчмөн жана отурукташкан калкынын өкүлдөрүнүн ортосунда айыгышкан күрөш болуп, тең жаатташкан жактардын кан төгүүсү менен коштолгон.

В.В. Вельяминов-Зернов көп сандаган кагылыштардын ичинен кыпчактарды бирин дагы калтырбай кыруу максатында Кокондогу сарттардын ортосунда жашыруун козголоң чыкканын мисал келтирет жана аларды ур-токмокко алгандарын В.В. Вельяминов-Зернов мындайча баяндайт: «Кокон кыпчактарды ар минут сайын өлтүрүп жаткан кеңири аянтка кайрылды. Өкмөт атайын мурунку башкаруучулардан кордук көргөн эл үчүн жазалоонун эң катаал түрлөрүн ойлоп табышты» [4, 26-б.].

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Орустун башка окумуштуу-этнографы А.П.Федченко ошол эле окуяларды баяндоо менен «кан дарыя болуп акты» деп белгилейт. Хан «каргыш тийген урууну» түп-тамыры менен жоготууга буйрук берди [5, 41-б.]. Өзүнүн «Туркестанга болгон саякат» кеңири изилдөөсүндө белгилегендей калктын эки тобу (отурукташкан кокондуктар жана көчмөндөр) хандыктагы бийлик үчүн тынымсыз күрөшүп келишкен. Кокондогу бардык көтөрүлүш А.П. Федченконун көрсөтмөсүндө уткан тараптын зордук-зомбулугу, мал-мүлктү талап-тоноо менен коштолгон [5, 195-б.].

Көптөгөн булактар айтып тургандай, хандыктын саясий жашоосун чагылдырган, жергиликтүү отурукташкан элдердин жана көчмөндөрдүн үзгүлтүксүз күрөшүн камтып турган, дайыма кан төгүү жолу менен, жашыруун саясий көтөрүлүштөр, ошондой эле сарайдагы бийлик алмашуулар менен коштолуп турган. Ар бир уюштурулган төңкөрүштөрдүн арты зордук-зомбулуксуз, мал-мүлктү тартып алуусуз жана талап-тоноосуз жол менен коштолбой койгон эмес. Хандыктагы туруксуз саясий кырдаалдар Борбордук Азияда чөлкөмүндөгү жаңы башкаруу системасын башкача айтканда орус падышачылыгынын жаңы күчүн орнотууну тездеткен.

Ал эми кыргыздардын чыгыштагы эң чоң кубаттуу кошунасы Кытай мамлекети менен болгон карым-катнаш маселесине токтоло турган болсок, XIX кылымда жеке көз карандысыздыгын жоготуп койуу коркунучунда болуп, Батыш державалары менен болгон карым-катнаштарында белгилүү бир маселелерди башынан кечирип, Батыштагы ээликтеринин бир бөлүгүнөн баш тартууга туура келген.

XIX кылымдын башында эле Цин чиновниктеринин бири Юй Линь Коконго жүрүш жасоо сунушун айткан, бирок император Минь ага каршы болуп, «бул план (Коконго жүрүш) эчактан бери биздин жаныбызда. Сен сунуш кылгандай (Юй Линь) биз эң ортосу жүрөгүнө сокку урабыз. Бирок айтканга оңой, жасаш кыйын… Элестетип көр, аскердик даярдыктарга канча каражат керек. Тосмонун ары жагы биздин жер эмес, биздин эл эмес, ал эми кыргыз урууларына кандай гана болбосун кең пейилдик көрсөтүүбүз абзел» [6, 134-135-бб.].

Кыргыздарга көрсөтүлүүчү кең пейилдик мамилелер мүмкүн болбой турган нерсе делип же болбоду дегенде аскердик белгилүү бир кыйынчылыктар, зордук-зомбулуктуу баш ийдирүү менен гана болоорун билдиришкен. Татаал табигый ландшафт менен корголгон кыргыздар таптакыр жоготууну айтпаганда дагы зордук-зомбулук менен баш ийдирүүгө болуп көрбөгөндөй каршылык көрсөтүшкөн.

XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыздардын тарыхын биринчилерден болуп изилдеген россиялык окумуштуу А. Левшин өзүнүн «Баяндоосунда» билдиргендей «түбөлүктүү согуштарга көнүп калган кыргыздарды жеңүү оңойго турган эмес. Кытайлыктар дагы алардын эр жүрөктүүлүгүн сезишип, бир канча жолу аларды чагылдырышкан» [7, 273-б.].

Кыргыздардын кытайлык баскынчыларга көрсөткөн активдүү карама-каршылыгы биринчи ирээтте кыргыздардын кытайлыктар менен болгон карым-катнаштарынын узак негативдүү тажрыйбасы менен байланыштуу болгон. Эки жак тең бири-бирине эч кандай иллюзия көрсөтө алган эмес. Кытайлык тарыхый эмгектердин биринде көрсөтүлгөндөй «ар кыл улуттарды басып алуу (Цин башкаруучулары – Э.К.) өндүрүштү талкалоо, улуттук эзүү жана эксплуатация менен коштолгон. Басып алуучулук улуттук азычылыктагы ар кыл элдердин материалдык жана рухий бөксөрүүсүнө алып келген…Баш ийген элдер кайсыл улуттан экендигине карабастан эзүүчүлөргө каршы болуп көрбөгөндөй күрөш жүргүзүшкөн» [8, 19-20-бб.].

Аз сандагы жана кубаттуу мамлекеттер ортосунда кысымга алынган, андан сырткары феодалдык жана уруулук чыр-чактактардын ортосунда калуу менен узак тарыхый убакыттын аралыгында кыргыздар жамандыктын азыраагы кайдан болот, ошону тандоо альтернативасына коюлган. XIX кылымда Кытай Цин жана Кокон хандыгынан көз каранды болу тандап алуусунан – кыргыздар кокондуктар менен болгон карым-катнаштардын татаалдыгына жана тирешүүлөрүнө карабастан жай ыргак менен болсо да, кыргыздардын негизги бөлүгүн исламдаштыруусунун өрчүгөн процесси менен Кокон тарапка ыкташкан. В.М. Плоских эсептегендей биз карап жаткан мезгилде «Чыгыш Түркстандан кыргыз урууларынын бөлүгү Кокон хандыгынын чегине көчүп келүү ордуна» ээ болгон» [9, 98-б.].

Кыргыз окумуштуусу В.М. Плоских акыйкат белгилегендей: «Кокондук башкаруучулар өзүлөрүнүн түштүк коңшулары – кыргыздар менен олуттуу эсептешүүгө туура келген. Биринчиден, алар дайыма согуштук даярдыкта турган реалдуу аскердик күчкө, кошуунга ээ болушкан. Экинчиден, кыргыз көчү Орто Азияны Чыгыш Түркстан, Индия өлкөлөрү менен байланыштырып турган салттуу соода жолунда жайгашкан; Кокондун Чыгыш менен болгон соода абалы көпчүлүк жагынан түштүк кыргыздардын ээлеген ордунан, кыргыз феодалдарынын пейилинен көз каранды болгон. Ошондуктан, кыргыздар Кокон хандыгына болгон көз карандылыгына карабастан, активдүү саясий күчтү көрсөтүү менен көпчүлүк убактарда «өзүм билемдике» салышкан» [9, 98-б.].

Бирок, кырдаал жай болгону менен ары өжөрлүк менен Кокон хандыгынын кубаттуулугунун өсүү тарабына өзгөрүп, бир эле мезгилде кыргыздардын алардын жериндеги саясий алсыроосун жана ошондой эле аларды түп-орду менен жоготуу коркунучун түшүндүргөн. Ушунун баарынан сырткары, абал эки

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



шарт менен татаалдашкан:

1) кыргыздардын түштүк казак уруулары менен болгон касташуулары;

2) эң маанилүү орун ээлеген ички уруулук наразычылыктардын күчөшү.

Уруулук бөлүнүүлөр негизинен кыргыз чөйрөсүндө кеңири тараган көрүнүш катары эсептелет. Көпчүлүк убакта наразы болгон уруу башчылары катылганга-барымтага куралдуу кол салууларды уюштуруп турушкан. «Барымта ачык эле болгон, - деп советтик мезгилдеги документтердин биринде белгилененгендей», - б.а. күндүз эле, эгерде зарылчылыгы болсо күч менен, же жашыруун ууруулук жолу менен жүргүзүлгөн.

Сонунда айтарыбыз, албетте мындай уруулук мамилелердин жана кандайдыр бир салттардын формасында кыргыздар үчүн талаш-тартыштуу маселелерди чечүү өзгөчө кырдаалда өзүнүн мамлекетин түзүүсү татаалдашкан. Кыргыз элиндеги көп кылымдар бою мамлекеттүүлүктүн жоктугу абалын өзгөчө татаалдаштырган. Ал кандай гана аскердик күчкө ээ болбосун эл аралык жана мамлекет аралык мамилелерде анын ролун байкалаарлык төмөндөтүп жиберген. Көрүнүктүү кыргыз уруу башчылары Кубат бий, Ормон хан, Алымбек датка, Курманжан датка ж.б. өз алдынча кыргыз мамлекетин түзөбүз деген үмүттүү демилгелерин ийгилик коштогон жок. Анткени бул ички эле эмес сырткы саясий күчтөрдүн таасиринен дагы байланыштуу.

**Адабияттар:**


1. Кляшторный С.Г., Султанов Т.Н. Казахстан. Летопись трех тысячелетий [Текст] / С.Г. Кляшторный, Т.Н. Султанов. – Алма-Ата, 1992. 134-б.
2. Гумилев Л.Н. Древние тюрки [Текст] / Л.Н. Гумилев. – М.: Наука, 1993.
3. ЦГИАР [Текст] //, л. 455-456; ГАОО, л. 4-5.
4. Вельяминов-Зернов В.В. Сведения о Кокандском ханстве [Текст] / В.В. Вельяминов-Зернов // Вестн. РГО. – СПб., 1856. – Ч. 18. – Кн. 5. 107-б.
5. Федченко А.П. Путешествие в Туркестан [Текст] / А.П. Федченко. – СПб., 1873. – Т.1. – Ч. 2. 41-б.
6. Кузнецов В. С. Экономическая политика цинского правительства в Синьцзяне в первой половине XIX в [Текст] / В.С. Кузнецов. – М., 1973. 134-135-б.
7. Левшин А. Описание киргиз-казачьих орд и степей [Текст] / А. Левшин // Ч.II. Исторические известия. – СПб., 1832. 273-б.
8. Очерки истории Китая с древности до «опиумных войн [Текст] // Под ред. Шан Юэ. – М., 1959. - 19-20-бб.
9. Плоских В.М. Киргизы и Кокандское ханство [Текст] / В.М. Плоских. – Фрунзе, 1977. 98-б.
10. Закиров А. Этнос как особая социально-психологическая категория. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 4. С. 61-64